КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ЛЕЙЛЕК РАЙОНУ
РАЗЗАКОВ ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЛЕЙЛЕКСКИЙ РАЙОН
МЭРИЯ ГОРОДА РАЗЗАКОВ

# БУЙРУК

«___»_____ 2026-ж.г. №_____ г. Раззаков.

**“Бала ырысы” ай сайын төлөнүүчү жөлөкпулун алуу укугун ишке ашырууда негизсиз тоскоолдуктарды болтурбоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 30-июнундагы №373 “Бала Ырысы” долбоорун ишке ашыруу жөнүндө” токтомун ишке ашырууда Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 6-мартындагы №104 Үч жашка чейинки балдарга ай сайын мамлекеттик жөлөк пулду киргизүү жөнүндө Жарлыгына, Лейлек районунун мамлекеттик администрациясынын 2026-жылдын 17-июлундагы №3/802 каттын негизинде **буйрук кыламын:**

1. “Бала ырысы” ай сайын төлөнүүчү жөлөкпулун алуу укугун ишке ашырууда негизсиз тоскоолдуктарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган кошумча талаптар, жарандардын иш жүзүндө жашаган жерин каттоодо анын ичинде коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү алдын ала төлөө же кыймылсыз мүлктү милдеттүү камсыздандырууну жол-жоболоштуруу (акы төлөө) талап кылынган учурларды болтурбоо Раззаков шаарынын мэриясынын кызматкерлери жана мэриянын алдындагы мекеме ишканалардын кызматкерлерине милдеттендирилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 31-июлундагы №435 “Кыргыз Республикасынын жарандарын жашаган жери жана жүргөн жери боюнча каттоо жана каттоодон чыгаруу эрежелери жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомунун талаптарынын так сакталышын камсыз кылууну М.А.Абдираимовго жүктөлсүн.

3.“Бала ырысы” ай сайын төлөнүүчү жөлөкпулун алуу укугун Раззаков шаарынын тургундарына түшүндүрүү иштерин жүргүзүүнү аппарат кызматкерлер, жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча кызматкерлер жана айыл башчыларга тапшырылсын.

4.Буйрукту көзөмөлдөө жагы Раззаков шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси М.А Абдираимовго жүктөлсүн.

**Мэр** **Д.И.Кенжебаев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 01-03-223, 29.07.2026

Кол койгон: Кенжебаев Д.И.